**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**КАРА-СУУ РАЙОНУНУН МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯСЫ**

723300, Кара-Суу шаары,Ж.Аматов көчөсү - 2
Тел.: 0(3232) 5-00-09, факс: 0(3232) 5-00-08
Эл.дарек: rga.kara-suu@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ГОСУДАРСТВЕННАЯ АДМИНИСТРАЦИЯ КАРА-СУУСКОГО РАЙОНА**

723300, г.Кара-Суу, улица Ж.Аматова - 2
Тел.: 0(3232) 5-00-09, факс: 0(3232) 5-00-08
Эл.ардес: rga.kara-suu@mail.ru

_____________№ ___________

_____________№ ___________

# КОРРУПЦИЯ БОЮНЧА МААЛЫМАТ

Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы, “Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндөгү Жарлыгын аткаруу жөнүндө” буйругу менен 2025-2027-жылдарга I этап үчүн орто мөөнөтүү бекитилген иш-чаралар планынын аткарылышы боюнча төмөндөгүдөй маалымат берилет.

“Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндөгү” Жарлыгын аткаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2024-жылдын 12-августундагы №52-189 буйругун аткарууга алуу максатында Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 05-сентябрында №231 сандуу буйругу чыгып, аталган буйрук тиркемеси иштелип чыгып райондук тиешелүү мекеме-ишканаларга укук коргоо органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына аткаруу үчүн жөнөтүлгөн.

Бул буйрукту турмушка ашыруу боюнча райондун аймагында бир топ чаралар көрүлүп жатат. Же болбосо, коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга багытталган жарандыкдемилгелерди ишке ашыруу, коррупцияга каршы билим берүүнү, агартууну жана пропагандалоону өркүндөтүү, Коррупциянын алдын алуунун жана мамлекеттик органдарда коррупцияга каршы ишке көзөмөл жүргүзүүнүн иштеги механизмдерин өркүндөтүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салууну, региондорду өнүктүрүү фонддорунун (РӨФ) ишинин ачык- айкындуулугун жогорулатуу, **коррупцияга каршыкүрөшүүчөйрөсүндөжарандардынактивдүүкатышуусунабагытталга нрайондунаймагындакоомчулук менеништөөнүн сапатын жогорулатуу** боюнча иш аракеттер көрүлүп жатат.

Мамлекеттик жарандык кызматтарды интернет аркылуу көрсөтүүнүн жол жоболорун жана стандарттарын киргизүүдө райондун аймагында бардык

мамлекеттик жарандык жана муниципалдык жарандык кызматтык орундарга жарандар конкурстук негизде жумушка кабыл алынып келе жатат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомчулуктун натыйжалуу өз ара аракеттенүүлөрүн күчөтүү максатында “Электрондук айыл өкмөтү” программасы райондун бардык 10 айыл өкмөттөрүндө жана Кара-Суу шаарынын мэриясында ишке ашууда.

Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарынын наркы, мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жана аларга белгиленген тарифтер жөнүндө маалыматтары элден акы алып кызмат көрсөтүүчү ишканалар болуп эсептелген райондук жер кадастры жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармасында, райондук паспорт виза кызматында, райондук маалымат борборунда, райондук жарандык абалдын актыларын каттоо бөлүмүндө, райондук мамлекеттик нотариалдык конторада, райондук архивде, райондук архитектура жана курулуш башкармалыгында, райондук аймактык ооруканасында жана райондук үй-бүлөөлүк медицина борборунда акы алып кызмат көрсөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бааларга коюлуп берилген тарифтер, прейскуранттар элге көрүнө турган жерлерге илинип коюлган. Мындан сырткары, жалпыга жеткиликтүү жерлерде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин жайгаштыруу саясатын жүргүзүүдө жергиликтүү “Эмгек майданы” гезитинин бетине дайыма кызмат көрсөтүүлөрдүн нарктары жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жарыяланып турат.

Сатып алуучу уюмдардын кызмат адамдардын мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө, тендердик документация боюнча маалыматтар, суроо-талабы боюнча тендердик документацияны, сатып алуулар жөнүндө негизги маалыматты, ачуу протоколдоруна жана жол-жоболорго, ошондой эле акы төлөө негизде көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмегин аныктоо, бир булактан сатып алуулар жөнүндө маалыматтар ачык жеткиликтүүлүктү камсыздалып өткөрүлүп, тийиштүү органдар тарабынан көзөмөлдөнүүдө.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-майындагы №293 токтомунун 3-пунктунун аткарылышы боюнча мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарында коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар кызмат орундарынын тизмегин бекитүү максатында Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан 2024-жылдын 28-мартында №53 сандуу буйругу кабыл алынып, коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар кызмат орундарынын тизмегин иштелип чыккан.

Аталган буйруктун негизинде райондун аймагында мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарында коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар кызмат орундарынын тизмегин кырдаалга жараша тактап туруусу белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-майындагы №293 токтому жана Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 26-апрелиндеги “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү” №52-94 сандуу буйругун

аткаруу максатында Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан 2024-жылдын 07-майында №95 сандуу буйругу кабыл алынган.

Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким тарабынан 2024-жылдын 05-июлундагы жыйын өткөрүп, аталган жыйынга акимдин орун басарлары, аппарат кызматкерлери, райондук укук коргоо органдары, мекеме-ишканалар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын башчылары жана айыл өкмөтүнүн жер адистери катышып, аким тарабынан коррупциянын келип чыгуу тоболкелдерин жоюу боюнча бир катар тапшырмалар берилген.

Бүгүнкү күндө иш-чаралар планынын алкагында коррупциялык мыйзам бузуулардын алдын алуу максатында мекеме ишканалардын арасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп келет. Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан коррупция көрүнүштөрүнүн фактылары жөнүндө элге жарыяланган маалыматтар боюнча коомчулукту кабарлоо максатында, массалык маалымат каражаттарына тийиштүү маалыматтар жарыяланып турат.

Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын чон жыйындар залында 2025-жылдын 15-январында аким Канат Касеновичтин төрагалыгынын астында райондук укук коргоо органдары, мекеме-ишканалардын жетекчилер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары менен жыйын өтүп, коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча катуу тапшырмалар берилгендигин билдиребиз.

С.Жунусов 0557900107